**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**

**ДӨБӨ-КОРГОН**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ДОБО-КОРГОНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Дөбө-Коргон айылдык Кеңешинин 2- чакырылышынын кезексиз 11-сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

**05.09. 2025 № 11-1** **Кайрагач-Арык айылы**

**Кыргыз Республикасынын 2024-жылдын 26-декабрындагы “Тынчтык жөнүндө” № 194 Мыйзамынын талаптарын ишке ашыруу жөнүндө**

Улуттук маданияттын баалуулуктарын коргоо жана элдик каада-салттарга сый мамиле кылууну калыптандыруу, үй-бүлөлүк салтанаттарды өткөрүүдө жарандардын жашоо деңгэлин жана сапатын көтөрүүнүн кызыкчылыгын гана көздөп, элдин саламаттыгын жана адеп-ахлагын коргоону камсыз кылуу, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы №54 “Кыргыз Республикасындагы үй-бүлөлүк жана эскертүү аземдерин тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө” жана Кыргыз Республикасынын 2024-жылдын 26-декабрындагы “Тынчтык жөнүндө” №194 Мыйзамынын талаптарын аткарууга алуу максатында Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин депутаттары күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап төмөндөгүдөй **токтом кылат**:

1. Кыргыз Республикасынын 2024-жылдын 26-декабрындагы “Тынчтык жөнүндө” № 194 Мыйзамынын талаптары аткарууга алынып айылдарда түшүндүрүү иштери жүргүзүлсүн.
2. Той жана аземдердин убактысын чектөө төмөнкү убакыт аралыгында үн басымынын жана ызы-чуунун белгиленген деңгээлдеринен ашууга жол берилбейт:

- жумуш күндөрү - саат 22:00дөн 07:00гө чейин;
- дем алыш жана майрам күндөрү - саат 22:00дөн 09:00гө чейин.

3. Бул талаптарды бузуу “Тынчтык жөнүндө”мыйзамдын 9-беренесинде каралган “Тынчтык режимин бузуу” катары каралып, тиешелүү жоопкерчиликке тартылат.

4. Үй-бүлөлүк жана эскерүү аземдерин өткөрүүдө ашыкча чыгымдуулукту жана ысырапкерчиликти азайтуу максатында төмөнкү сунуштар кабыл алынсын;
-коноктордун санын мүмкүн болушунча кыскартуу;
-ашыкча салтанаттуу чыгымдарды (тамак-аштын ашыкча түрү, сыйлыктар ж.б) чектөө;
-тойлордогу техникаларды азайтуу;
- тойдон кийинки аземдерди чектөө;

-коомдук адеп-ахлакка ылайык жөнөкөй жана маданий форматта өткөрүү.

5. Мектепке чейинки билим берүү уюмдарындагы туулган күндөр токтотулсун.

6. Жергиликтүү тургундарга түшүндүрүү иштерин алып баруу жагы Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн башчысына жана Дөбө-Коргон милиция бөлүмүнө жүктөлсүн.

7. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңештин этика жана мыйзамдуулук боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага А.Сатвалдиев

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
АРАВАН РАЙОНУ

ДӨБӨ-КОРГОН
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
АРАВАНСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ДОБО-КОРГОНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Дөбө-Коргон айылдык Кеңешинин 2- чакырылышынын кезексиз 11-сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

**05.09. 2025 № 11-2 Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон айыл аймагынын Алмалык участкасында №313 контурдагы 12,11 га жерге кыш заводу куруугa (трансформациялоого) макулдук берүү жөнүндө**

Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн өкмөт башчысы И.Абдулхакимовдун Алмалык участкасындагы пайдаланылбай жаткан ыңгайсыз жайыт жерлерине инвестор "Жчк Ош Тян-Шань" тарабынан кыш заводу куруугa 12,11га жер ажыратып берүүнү сурап жазган сунушун, Кыргыз Республикасынын "Жер кодексинин" 11, 14-16, 20- беренелерине, Жер участокторун которуу (**трансформациялоого**) жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети" Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамынын 13,17-беренелерине ылайык, депутаттар угуп жана талкуулап Дөбө-Коргон айылдык кеңеши, **токтом кылат:**

1. Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнө караштуу Алмалык участкасындагы жайыт катары колдонулуп келген, бирок учурда жайыт катары жараксыз деп табылган №313 контуруна 12,11 гектар жер аянтына инвестор "Жчк Ош Тян-Шань" тарабынан кыш завод куруугa макулдук берилсин.

2. Алмалык участкасындагы №313 контуруна кыш заводу куруугa ажыратылган жер тилкесине мыйзам чегинде тиешелүү документтерин даярдоо айыл өкмөттүн жетекчилигине сунушталсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөт башчысы И.Абдулхакимовго жүктөлсүн.

Төрага А.Сатвалдиев

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**

**ДӨБӨ-КОРГОН**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ДОБО-КОРГОНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

## Дөбө-Коргон айылдык Кеңешинин 2- чакырылышынын кезексиз 11-сессиясынын ТОКТОМУ

**05.09. 2025 № 11-3** **Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон айыл аймагынын Алмалык участкасында №313 контурдагы 6,86га жерден кыш заводу үчүн топурак казып алууга (карьер) макулдук берүү жөнүндө**

Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн өкмөт башчысы И.Абдулхакимовдун Алмалык участкасындагы пайдаланылбай жаткан ыңгайсыз жайыт жерлерине инвестор “Жчк Ош Тян-Шань” тарабынан №313 контурдагы 6,86га жерден кыш заводу үчүн топурак казып алууга (карьер) жер ажыратып берүүнү сурап жазган сунушун, Кыргыз Республикасынын 2019-жылдын 5-февралындагы №43 токтомуна ылайык, депутаттар угуп жана талкуулап Дөбө-Коргон айылдык кеңеши, **токтом кылат:**

1. Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнө караштуу Алмалык участкасындагы жайыт катары колдонулуп келген, бирок учурда жайыт катары жараксыз деп табылган №313 контурдагы 6,86 га жерден кыш заводу үчүн топурак казып алууга (карьер) жер ажыратып берүүгө макулдук берилсин.
2. Инвестор “Жчк Ош Тян-Шань” тарабынан Алмалык участкасынын №313 контурдагы 6,86 га жерден топурак казып алууга (карьер) ажыратылган жер тилкесине мыйзам чегинде тиешелүү документтерин даярдоо айыл өкмөттүн жетекчилигине сунушталсын.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөт башчысы И.Абдулхакимовго жүктөлсүн.

Төрага А.Сатвалдиев

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**

**ДӨБӨ-КОРГОН**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ДОБО-КОРГОНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Дөбө-Коргон айылдык Кеңешинин 2- чакырылышынын кезексиз**
**11-сессиясынын**

# ТОКТОМУ

**05.09. 2025 № 11-4** **Кайрагач-Арык айылы**

## Интернационал айылында балдар бакча куруу үчүн жер тилкесин багытын өзгөртүү жөнүндө

Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн өкмөт башчысы И.Абдулхакимовдун Интернационал айылында бала бакча куруу максатында айыл чарба багытындагы мамлекеттик фонддун 0,45га жер тилкесинин багытын өзгөртүүгө (трансформациялоого) сурап жазган сунушун, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетиндеги 2024-жылдын 4-ноябрындагы № 665 токтому "Жер участокторун которуу (трансформациялоо) тартиби жөнүндө" жобого ылайык, депутаттар угуп жана талкуулап Дөбө-Коргон айылдык кеңеши, **токтом кылат:**

1. Интернационал айылында балдар бакча куруу үчүн №878 контурундагы айыл чарба багытындагы мамлекеттик фонддун 0,45 га жер тилкесин багытын өзгөртүү (трансформациялоого) макулдук берилсин.

2. Интернационал айылында балдар бакча куруу үчүн №878 контурундагы айыл чарба багытындагы мамлекеттик фонддун 0,45 га жер тилкесин ажыратылган жер тилкесине мыйзам чегинде тиешелүү документтерин даярдоо айыл өкмөттүн жетекчилигине сунушталсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөт башчысы И.Абдулхакимовго жүктөлсүн.

Төрага А.Сатвалдиев

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
АРАВАН РАЙОНУ

ДӨБӨ-КОРГОН
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
АРАВАНСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ДОБО-КОРГОНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

---

**Дөбө-Коргон айылдык Кеңешинин 2- чакырылышынын кезексиз 11-сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

**05.09. 2025 № 11-5 Кайрагач-Арык айылы**

**Жаңы-Жол айылында чек араны кайтарып туруучу аскер бөлүгү (застава) куруу үчүн жер тилкесин багытын өзгөртүү жөнүндө**

Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн өкмөт башчысы И.Абдулхакимовдун Жаңы-Жол айылында чек араны кайтарып туруучу аскер бөлүгүнү **(**застава) куруу максатында айыл чарба багытындагы мамлекеттик фондтон 1,0 га жер тилкесинин багытын өзгөртүүгө (трансформациялоого) сурап жазган сунушун, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетиндеги 2024-жылдын 4-ноябрындагы № 665 токтому "Жер участокторун которуу (трансформациялоо) тартиби жөнүндө" жобого ылайык, депутаттар угуп жана талкуулап, Дөбө-Коргон айылдык кеңеши, **токтом кылат:**

1. Жаңы-Жол айылында чек араны кайтарып туруучу аскер бөлүк **(**застава) куруу үчүн №3,4 контурундагы айыл чарба багытындагы мамлекеттик фондтон 1,0 га жер тилкесин багытын өзгөртүү (трансформациялоого) макулдук берилсин.

2. Жаңы-Жол айылында чек араны кайтарып туруучу аскер бөлүгү **(**застава) куруу үчүн №3,4 контурундагы айыл чарба багытындагы мамлекеттик фондтон 1,0 га жер тилкесин ажыратылып мыйзам чегинде тиешелүү документтерин даярдоо айыл өкмөттүн жетекчилигине сунушталсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөт башчысы И.Абдулхакимовго жүктөлсүн.

Төрага А.Сатвалдиев

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
АРАВАН РАЙОНУ

ДӨБӨ-КОРГОН
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
АРАВАНСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ДОБО-КОРГОНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Дөбө-Коргон айылдык Кеңешинин 2- чакырылышынын кезексиз 11-сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

**05.09. 2025 № 11-6 Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон айыл аймагынын Тепе-Коргон айылынын Япчан участкасын Ынтымак аталышына өзгөртү жөнүндө**

Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн өкмөт башчысы И.Абдулхакимовдун Тепе-Коргон айылынын “Япчан” участкасын “Ынтымак” аталышына өзгөртүп берүүнү сурап жазган сунушун, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” мыйзамынын 10-беренесине жана “Административдик аймактык түзүлүш жөнүндө” мыйзамынын 7-беренесине ылайык, депутаттар угуп жана талкуулап Дөбө-Коргон айылдык кеңеши, **токтом кылат:**

1. Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнө караштуу Тепе-Коргон айылындагы Япчан участогунун атын “Ынтымак ” деп өзгөртүүгө макулдук берилсин.

2. Мыйзам чегинде тиешелүү документтерин даярдоо айыл өкмөттүн жетекчилигине сунушталсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөт башчысы И.Абдулхакимовго жүктөлсүн.

Төрага А.Сатвалдиев

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
АРАВАН РАЙОНУ

ДӨБӨ-КОРГОН
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
АРАВАНСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ДОБО-КОРГОНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

---

**Дөбө-Коргон айылдык Кеңешинин 2- чакырылышынын**
**11-сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

**05.09. 2025 № 11-7** **Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон участкалык шайлоо комиссиясынын резервине талапкерлерди сунуштоо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын аймактык шайлоо комиссиялары өз аймактарындагы участкалык шайлоо комиссияларынын резервдерин түзүү максатында жарандардан жана саясий партиялардан жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарына (жергиликтүү кеңештерге) кайрылуусуна ылайык шайлоо комиссиялары жөнүндө, Кыргыз Республикасынын Мыйзамын негизинде Дөбө-Коргон айыл аймагында аймактык шайлоо комиссиясына, комиссия курамынын резервине талапкерлерди көрсөтүү боюнча өткөрүлгөн чогулуштардын протоколдорундагы тизмелерди бекитип берүү жөнүндөгү маселени угуп жана талкуулап, Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин депутаттары төмөндөгүдөй **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын аймактык шайлоо комиссиялары өз аймактарындагы участкалык шайлоо комиссияларынын резервдерин түзүү максатында жарандардан жана саясий партиялардан жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарына (жергиликтүү кеңештерге) кайрылуусуна ылайык шайлоо комиссиялары жөнүндө, Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын негизинде Дөбө-Коргон айыл аймагында аймактык шайлоо комиссиясына, комиссия курамынын резервине талапкерлерди көрсөтүү боюнча өткөрүлгөн чогулуштардын протоколдору бекитилсин.

2. Дөбө-Коргон айыл аймагында аймактык шайлоо комиссиясына, комиссия курамынын резервине талапкерлерди көрсөтүү боюнча өткөрүлгөн чогулуштардын протоколдорун бекитип берүү жагы Араван аймактык шайлоо комиссиясынан суралсын.

Төрага А.Сатвалдиев